


# Физика жана электроника факультети

факультетинин миссиясы –

*Кыргызстандын актуалдуу маселелерин чечүү үчүн фундаменталдык жана колдонмо физикалык илим жана билим берүүнү өнүктүрүү*

# *Физика жана электроника факультетинин кыскача тарыхы*

- Кыргызстанда фундаменталдык физикалык жана техникалык илимдиндин өнүгүшү Физика жана электроника факультети менен түздөн-түз байланыштуу. Биздин Республиканын физикалык билим берүү тарыхы М.В. Фрунзе атындагы *Кирпединституттун калыптоосу* жөнүндө СССРдин ЭКК (СНК) Токтомунан (ноябрь 1932 ж.) башталат. Бирок Республикада орто мектептерде даярдалган бүтүрүчүлөрдүн жок болгондугунан, физика-математикалык факультетин физика бөлүмүнө биринчи кабыл алуу 1933 жылынан башталган.
- Бул пединституттун негизинде *1951 жылы Кыргыз мамлекеттик университети ачылган*. Университет ачылган жылы физика бөлүмүндө, жалпы физика жана теориялык физика кафедралары физика-математика факультетинин курамында болушкан. Бир жылдан кийин эксперименталдык кафедра ачылган. Физика бөлүмүндө университеттик профиль боюнча үч багытта студенттерди даярдай баштады: атомдук спектроскопия, катуу заттардын физикасы жана теориялык физика. Бул багыттарды өнүктүрүүдө профессор *Ю.С.Терминасов, профессор Ф.И.Франкл, доцент Л.А.Спекторов* жана башкалар чоң рольду ойногон. Профессор Ю. С. Терминасов республикабыздын илимий коомчулугуна рентгенография жана металлофизика тармагындагы ири адис катары белгилүү. Анын ар тараптуу илимий ишмердүүлүгү көптөгөн өндүрүштүк жана илимий мекемелердин иш практикасына рентгендик анализ ыкмаларын иштеп чыгууга жана киргизүүгө салым кошкон. Ф.И. Франкл университетте релятивисттик газ динамикасынын илимий мектебин түзгөн. Бул мезгилде Франкль теориялык физика кафедрасынын башчысы болуп иштей баштаган. КМУда 8 жылга жетпеген убакытта Франкл 20дан ашык илимдин кандидаттарын даярдап чыгарып өзүнүн илимий мектебин түзгөн. Университет уюшулгандан баштап физика-математика факультетинин материалдык базасы бир даалай бекемдеп, адистерди даярдоо жакшырган.
- Ядролук энергияны өздөштүрүү менен жана адам заттынын космоско чыгышына байланыштуу өлкөнүн жогорку окуу жайлары физикалык изилдөөлөрдү терендетүү жана интенсивдештирүү боюнча ишти активдештиришти. Физиктерди даярдоо актуалдуу мааниге ээ болгондугуна байланыштуу, *1966-жылы өз алдынча Физика факультети* түзүлгөн. Физика факультетинин жетектекчилигин жаш окумуштуу жана педагок, *доцент А.И. Иманкуловко* тапшырылган.



Профессор **Франкль Ф.И.**



Профессор **Терминасов Ю.С.**



Профессор **Спекторов Л.А.**



Иманкулов А.И.




с **Исидорович Франкль** окуучулары менен, 1 - катар, солдон оңго: Аркабаев Н.А., Бийбосунов И.Б., Абдылдаев А.А., 2 - ка Шахматов М. П., Франклдын жубайы, Франкль Ф.И., Чадаева К.Ч., Усубакунов Р.У., Ефимов З.Ф., 3 - катар, солдон оңго: Жаныбек К.С., Абакиров А.А., Кадыров С.К., Абдылдаев М.Ю., Чернов Ю. П., Дюшеев Э.Д.; 4 - катар, солдон оңго: Садыков С.С., Арынов А.А.

# *Физика жана электроника факультетинин кыскача тарыхы*

- Жетимишинчи жылдардын башталышындагы эң орчундуу окуялардын бири 1974 – жылы белгиленген Кыргыз Республикасынын автономиялык областы болуп түзүлүшүнүн 50 жылдыгы эле. Ушул салтанатка карата азыркы окуу-лабараториялык корпус пайдаланууга берилип, *Физика факультети жаңы корпуска ээ болду*. Физика факультети өзүнүн илим изилдөө жана окуу лабараториялары менен корпустун биринчи – экинчи кабаттарында жайгашты. Факультетте алдынкы окуу-илимдик лабараториялар, окуу мастерскойлору түзүлүп, студенттер жаңы жетишкндиктердин техникалары: электрондук микроскоптор, оптикалык жана рентгендик спектрографтар жана башка заттын түзүлүшүн изилдөөчү аспаптарды колдонушкан. Факультеттеги кафедралардын саны *5 ке жеткен: Теориялык физика, Эксперименталдык физика, Катуу нерселердин физикасы, Молекулярдык физика, Жалпы физика жана Физиканы окутуунун методикасы кафедралары*. Факультеттеги студенттердин саны кескин көбөйүп, 1 – курстарга кабыл алуу 150 – 200 студентке чейин жетти. Илимий изилдөө ишинде чарбалык изилдөөлөр көбөйүп, жалпы суммасы миллион сомго чейин жеткирилди. Бул иштердин жүгүн, ошол кездеги (1972 – 1978 жж) Физика факультетинин *деканы Т. К. Карашев* татыктуу алып барды.
- Ушул эле жылдары, КМУнун физика факультетинин 1952-жылкы бүтүрүүчүсү Мамбетов Д. натрий сульфатынын кристаллогидратын изилдеп жатып, "Мамбетов эффектиси"деп аталган ачылыш жазаган, ал бул учурдагы электрондордун эмиссиясын ачкан.
- 1963-жылдан 1966-жылга чейин жана 1978-жылдан 1989-жылга чейин факультетти *Т. А. Айтмырзаев* жетектейт. Бул жылдарда физика факультети Университеттеги эң ири факультеттердин бири болууга жетишкен.
- 1960-70-жылдары Кыргызстанда газ разрядынын физикасы, төмөнкү температурадагы плазма боюнча илимий мектеп түзүлө баштаган. Бул багыттын башында Физика факультетинин көрүнүктүү окумуштуулары Л.А. *Спекторов, Ф.И. Франкл, Н. Ф. Трапицин, Ж. Жеенбаев жана В. С. Энгельшт турган.* Ушул багыттагы изилдөөлөр КР УИАнын Физика институту менен биргеликте жүргүзүлдү.  XX кылымдын 80 – жылдарында КМУнун физика факультетинин бүтүрүүчүлөрү В. С. Энгельшт, Ж. Ж. Жээнбаев менен А.Жайнаковдун плазма боюнча илимий мектеби журтчулукка таанылып, КМУга жана башка ЖОЖга илимдик кызматкерлерди даярдап берүүгө жарап калган. Алардын плазматрондоруна чет өлкөлөрдө дагы талап болгон. Булардын плазматрону спектроскопияда жана плазмалык технологияда колдонулган, тактап айтканда, металлдардын жана курулуш материалдардын беттерин бекемдөөдө, коздоодо колдонулган.


Айтмурзаев Т.А


Карашев Т. К.


Мамбетов Д.


Энгельшт В.С.



Жеенбаев Ж.Ж.


Жайнаков А.

# *Физика жана электроника факультетинин кыскача тарыхы*

- Билим берүү системасындагы реформага жана 90-чы жылдардагы кескин өзгөрүүлөргө байланыштуу, илимий изилдөөдө дагы көп жылдардан бери калыптанып келе жаткан илимдик багыттар ириленип өз статустарына ээ болушкан. Келечектүү илимдик багыттарды ирилентүү статусун бекемдөөдө академик, убагындагы *КГУнун ректору С.Ж. Токтомышевдин* салымы зор. Анын тоолуу аймактагы атмосфералык озон катмарын изилдөө идеясы республиканын окумуштууларынын колдоосуна ээ болуп, 1970-жылдардын аягында Россиянын бир топ уюмдарынын колдоосу менен Ысык-Көл станциясы түзүлгөн. 1993-жылы КМУнун ректору С.Ж. Токтомышевдин буйругу менен Ысык-Көлдүн жээгинде расмий түрдө *Ысык-Көл окуу-илимий станциясы түзүлгөн. Бул станция эл аралык стандарттарга жооп берген Борбордук Азиядагы жалгыз жана 2004-жылы БУУнун БМУ Глобалдык Атмосфералык Байкоонун аймактык станциясы статусун алган.*

- 1980 – 1990 жж. *профессор Чокоев Э.С*. факультетте өзүнүн илимий мектебин калыптаган. Эки ири илимий лаборатория түзүлгөн*: Квантык электроника лабораториясы жана Импульстук плазма лабораториясы*. Бул лабораториялар ошол учурдун алдыңкы техникалык жабдыктар менен жана приборлор менен камсыз кылынган. Профессор Э. Чокоевдин ушул багыттагы лабораториялары КР УИА Физика институнда дагы болгон. Аларда концентирленген энергиялардын агымдарынын зат менен аракет этүү процестери изилденген. Бул лабораторияларда жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн натыйжасында көптөгөн диссертациядар корголгон.

- *Фундаменталдык илимдердин институту профессор Л. В. Тузов* тарабынан 1997 – жылы КМУУнун алдында уюуштурулган. Анда табигый багыттар боюнча актуалдуу илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Институт Улуттук университеттеги фундаменталдык изилдөөлөрүн координациялайт жана илим менен билим берүүнү интеграциялайт.

- *Профессор Ө.Ш. Шаршекеев түзгөн Эйнштейн бобору* илимий-теоретикалык негизге ээ болгон жана космологиялык проблемаларды изилдеген.

- Ушул эле жылдары факультетте *профессор Э.М.Мамбетакуновдун жетекчилик астында жекеле Кыргызстанга эмес, чет өлкөлөргө дагы белгилүү болгон илимий-педагогикалык мектеп калыптанган.*



Токтомышев С.Ж



Чокоев Э.С.



Тузов Л.В.



Шаршекеев Ө.



Мамбетакунов Э.

# *Физика жана электроника факультетинин кыскача тарыхы*

- 1993-2001ж.ж. Кыргыз мамлекеттик университети улуттук университетинин статусун алган мезгилде физика факультетинин деканы *М. А. Ногаев* болгон (1989 – 1994 жж). Ал эми 1995-96-жылдары *Л. К. Толбаев* жана 1996-99-жылдары *А. М. Токтосапиевдер* декан болушкан. М. А.
- М.Ногаев эң кыйын кырдаалда иштеди, аткени экономикада, билим берүүдө жана башка коомдун артыкчылыктуу багыттарында реформа жүрүп жаткан кез эле. Региондордо жаңы университеттер ачылып, алар билимдүүлөргө жана окуу – техникалык каражаттарга өтө муктаж болуп турушкан. Мындай шартта техникалык жана кадрлык агымдардын күчөшү мыйзам ченемдүү эле. Натыйжада, улуттук университеттен далай окумуштуулар башка университеттерге жана фирмаларга которулуп кетишкен.
- *Т. К. Эстебесов 1999-2005 жылдары* Физика жана электроника факультетинин деканы катары үзүрлүү эмгектенген. Бул мезгилде учурдун талабына ылайык адистиктер физика жана электроника факультетинде ачылган – физика, электроника жана микроэлектроника багыттарынан тышкары “Телекоммунмкация”, “Физикадагы колдонмо информатика”, “Экологиядагы колдонмо информатика” сыяктуу жаңы багыттар ачылган.
- 2006-2016-жылдары физика жана электроника факультетинин деканы ф.-м.и. к., *доцент Кадышев С. К.* болгон. Бул мезгилде билим берүү системасындагы реформалар физика жана электроника факультетинин түзүмү кыскарып, беш кафедранын ордуна үч кафедра калган.
- 2017-жылдан азыркы кезге чейин физика жана электроника факультетинин деканы ф.-м. и. к., *доцент Токтогонов С. А.*



Ногаев М.А.



Эстебесов Т.К.



Кадышев С.К.



Токтогонов С.А.

# *Физика жана электроника факультети азыркы учурда…*

- Учурда Физика жана электроника факультетинде бакалавриат жана магистратура боюнча кийинки үч багыт боюнча окуу жүргүзүлөт:
- 510400 – "Физика",
- 690100 – "Электроника жана наноэлектроника",
- 700800 – "Техникалык физика"
- Физика багыты боюнча *магистратурада күндүзгү-сырттан окуу (кечки) бөлүмү бар*.
- Ошондой эле учурдун талабына ылайыктуу, жаңы багыттар ачылууда:
- 690100 Инфокоммуникациялык технологиялар жана байланыш системалары,
- Санариптик техника жана технологиялар,
- Компьютердик физика (Физика багытында профиль),
- Физикаматематикалык билимберүү.



# *Физика жана электроника факультети азыркы учурда…*

*Теориялык жана жалпы физика кафедрасы*

- Физика жана электроника факультетинин бардык багыттарында жана университеттин табигый факультеттеринде *физика курсун окутууну камсыз кылат.*

- Кафедрада төмөнкү температурадагы плазма физикасы, космология, квантык механика, татаал физикалык маселелерди сандык методдор менен чечүү багыттары боюнча *азыркы компьютердик технологияларды колдонуу менен илимий изилдөөлөр* жүргүзүлөт.

- Кафедранын окутуучулук курамы жогорку илимий рейтингге ээ жана эки окутуучусу КУУнун эң мыкты он окумуштууларынын ичине кирет (*ф-м.и.д., профессор Урусов Р.М., жана ф-м.и.к., доцент Бакирова Э.М.*).

- Азыркы учурда бул кафедраны ф-м.и.к., *доцент Усенканов Ж.О.* жетектеп келет.



# *Физика жана электроника факультети азыркы учурда…*

### *Физиканы окутуу технологиялары жана табият тануу кафедрасы*

- *физика, табият таану жана астрономия мугалимдерин* ар түрдүү окуу жайлары үчүн жана, ошондой эле аспирантура жана докторантура аркылу илимий-педагогикалык кадрларды даярдайт.

- Кафедранын базасында, 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы жана 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана практикасы адистиктери боюнча *КР УИА корр-мүчөсү, п.и.д., профессор Э.М. Мамбетакунов диссертациялык кеңешти* уюштуруп жана жетектеп келген.

- Бул кафедрада, жеке Кыргызстанда гана эмес, ошондой эле чет мамлекеттерде да белгилүү болгон, *профессор Э.М. Мамбетакуновдун "Табигый билим берүүнүн психодидактикасы" илимий-педагогикалык мектеби түзүлгөн*.




# *Физика жана электроника факультети азыркы учурда…*

*Электроника жана наноэлектроника кафедрасы*

- практик-физиктердин уюткусу болгон, факультеттин алгачкы кафедраларынын бири, *экспериментaлдык физика кафедрасынын мураскери.*
- Акыркы 25 жылдын ашык убакыттан бери кафедра *“Электроника жана наноэлектроника"* багытындагы адистерди даярдап келе жатат.
- Бул кафедранын түптөөлүшүнө *Л.А. Спекторов, Н.Ф. Трапицын, В.С. Энгельш, Э.С. Чокоев* сыякту көрүнүктүү илимпоздор өз салымдарын кошушкан.
- Кафедрада, *тышкы энергия булактарынын жигердүү таасири этүүсүндө, заттардын касиеттеринин жана физикалык процесстеринин изилдөөсу*, моделдөөсү жана анализи боюнча илимий изилдөөлөр жүргүзүлөт.
- Бүтүрүүчүлөр өндүрүш ишканаларында, мамлекеттик мекемелердин техникалык бөлүмдөрүндө (ИИМ, УКМК, энергетика, тоо-кен комбинаттарында, корго өнөржайында, илимий борборлор ж.б.), IT борборлорунда, компьютердик борборлордо ж.б. иштешет.
- Азыркы учурда бул кафедраны *ф-м.и.д., профессор Осмоналиев К.* жетектеп келет.







# *Физика жана электроника факультети азыркы учурда…*

*Техникалык физика кафедрасы*

- ИИМдин бөлүмдөрүнө, сот-экспертик мекемелерине ж.б. *криминалистик экспертиза* областы боюнча адистерди, материалдардын сапаты боюнча эксперттерди даярдайт.
- ошондой эле дарылоо-диагностикалык мекемелерге, клиникаларга, госпиталдарга жана башка татаал диагностикалык, терапиялык жана хиругиялык жабдыктары жана комплестери бар медициналык мекемелерге *медициналык физиктерди* даярдай;
- Мисалы, КР ССМнин *Улуттук онкология жана гематология борбору* менен тыкыз иш жүргүзөт;
- Бул кафедранын беш бүтүрүүчүсү медициналык физик катары иштеп жана *МАГАТЕнин проектилери боюнча Европадан магистратураны* бүтүрүп келишти жана окуп атышат;
- Азыркы учурда бул кафедраны ф-м.и.к., *доцент Бейшекеева Г.Дж.* жетектеп келет.







# Физика жана электроника факультети азыркы учурда…

- ## *«Ысык-Көл» илимий станциясы*
- Ж. Баласагын ат. КУУнун *«Ысык-Көл» илимий станциясы* *БУУнун GAWWMO Глобалдык Атмосфералык Кызматтынын аймактык станциясынын катарында эл аралык статусуна ээ*, Эл аралык AERONET тармагынын (АКШ) мүчөсү болуп саналат, Бүткүл дүйнөлүк озондук маалымат борборунда (Торонто, Канада, №347-WOUDC) жана парник газдары боюнча дүйнөлүк маалымат борборунда (Токио, Япония, ISK242NOO- WDCGG) катталган жана 40 жылдан ашык убакытта Физика жана электроника факультетинин курамында иштеп келет.
- Кезинде Ысык-Көл илимий станциясында илимий изилдөөлөрдүн статусун бекемдөөгө академик, КУУнун мурдагы ректору *С.Ж.Токтомышевдин салымы чоң*.
- Кыргызстандын окумуштууларынын Ысык-Көл станциясында аткарган иштеринин *жогорку илимий деңгээлине*, озон катмарын коргоого кошкон салымым үчүн БУУнун курчап турган чөйрөнү коргоо программасынын озон секретариатынын жооптуу катчысынан алган *ыраазычылык каты далил болот ( ЮНЕП) Тина Бирмпили* 2016-жылдын 6-июнунда жана алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөн (Япония, АКШ, Франция, Швеция, Канада, Россия, Польша ж.б.) жылуу пикирлер.
- *40 жылдан ашык убакыттан бери* УФ-В нурлануусу, атмосферанын аэрозолдук оптикалык калыңдыгы жана тунуктугу боюнча *үзгүлтүксүз маалыматтар алынды*. Он-лайн тартибинде маалыматтар озон боюнча Дүйнөлүк маалымат борборлоруна жөнөтүлөт, ошондуктан алар дүйнөлүк илимий коомчулук тарабынан колдонулат.



# Физика жана электроника факультети азыркы учурда…

- *«Ысык-Көл» илимий станциясы*
- Учурда Ысык-Көл станциясынын *озон, атмосфера, парник газдары, климаттын өзгөрүшү*н изилдөө жаатындагы дүйнөнүн алдыңкы окумуштуулары менен жемиштүү кызматташуусу уланууда.
- Түндүк Америка университетинин (Хьюстон, АКШ) чакыруусу боюнча Ысык-Көл илимий станциясынын *директору Г.Н. Аркабаева* 2023-жылдын 17-июлунда өткөн “Жогорку билим берүүнүн глобалдык чакырыктары жана мүмкүнчүлүктөрү” деген темадагы конференцияга катышты. *Ж.Баласагын ат. КУУ менен Түндүк Америка университети ортосунда* өз ара пайдалуу кызматташуу боюнча *меморандумга кол коюлду.*
- 2024-жылдын 17-сентябрында Физика жана электроника факультетинин окутуучулары, *доцент Г.Ж.Бейшекеева жана А.Дүйшеев чакыруу боюнча AERONET/NASA тарабынан Мэриленд университетинин* Колледж Парктагы (АКШ, Мэриленд штаты) уюштурулган конференцияга катышышты.
- Алар «*Ысык-Көл ИСда CIMEL күн фотометринин узак мөөнөттүү өлчөө* маалыматтарынан аэрозолдордун оптикалык параметрлерин алуу жана анализдөө» деген темада көп жылдык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын презентация кылышты.
- Ысык-Көл станциясынын изилдөөлөрүнүн негизинде “Атмосферанын аэрозолдук булганышы жана анын Борбордук Азия чөлкөмүндө узак мөөнөттүү жер үстүндөгү жана спутниктик өлчөөлөрдүн негизинде айлана-чөйрөгө тийгизген таасири” *аттуу долбоор даярдалып, МНТЦга арыз берилген.*








# *Физика жана электроника факультети азыркы учурда…*

- ***ФжЭФ байланыштары...***
- Физика жана электроника факультети Кыргызстандагы ички өнөктөштөр менен жакын жигердүү иш алып барып жатат:
- *КР УИА Ж.Жээнбаев ат. Физика Институту,*
- *КР Санариптик өнүктүрүү министрлиги, Бишкек ш. мэриясынын алдындагы Санариптик технологиялар борбору,*
- *«Стратегиялык изилдөөлөр институту» ЖЧКсы,*
- *«Профи» билим берүү борбору,*
- *КР Өкмөтүнө караштуу МБА, КР ССМнин Улуттук онкология жана гематология борбору жана башкалар.*



База практики ИФ НАН КР им. Акад.Жеенбаева Ж.Ж.





# Физика жана электроника факультети азыркы учурда…

- ***ФжЭФ байланыштары…***

- Физика жана электроника факультети Кыргызстандагы ички өнөктөштөр менен жакын жигердүү иш алып барып жатат:

- *КР ССМнин Улуттук онкология жана гематология борбору тыкыз кызматташуу жүрүп жатат. Физика жана электроника факультетинин бүтүрүчүсү Жакшылык уулу Бактыбек бул бобордо лаборатория башчысы кызматтын үзүрлүү улантып келе жатат. Бул лабораторияда көптөгөн биздин студенттер, магистрантар практика өтүп жана иштеп жүрүшөт.*





# Физика жана электроника факультети азыркы учурда…

- ***ФжЭФ өлкөлүк уюмдар жана университеттер менен байланыштары…***
- *РФ Мамлекеттик корпорациясы “Росатом”,*
- *РИА Илимий станциясы;*
- *Чондук улуттук унверситети, Корея;*
- *БУУнун GAWWMO Глобалдык Атмосфералык;*
- *AERONET, АКШ;*
- *TIKA Түрк фирмасы;*
- *Германия DESY,*
- *Metarise JAPAN - Ryota Nakamura япон компаниясы;*
- *Гумилев ат. ЕУУ (ЕНУ), Казахстан;*
- *ТКФУ,*
- *Башкир федералдык университети,*
- *RUDN университети, ж.б.).*




# *Физика жана электроника факультети азыркы учурда…*

## *ФжЭФ өлкөлүк уюмдар жана университеттер менен байланыштары…*

РФ *«Росатом» Госкорпорациясы* менен кызматташуу:

- *Россия Федерациясынын «Росатом» мамлекеттик корпорациясынын чакыруусу менен Физика жана электроника факультетинин деканы, доцент Токтогонов С.А. «Train-The-Trainers» форматындагы «Аз кубаттуулуктагы атомдук станциялар: негизги аспектилери жана жашоо цикли» аттуу кыска мөөнөттүү окуу курсуна катышты, ал Росатомдун Москвадагы "Росатомдун техникалык академия" филиалында өткөрүлдү. 2025-жылдын 24-28-мартында.*
- *Тренингдин жүрүшүндө "Заманбап энергетикада атомдук генерациянын ролу", "Атомдук электр станцияларында ядролук энергияны өндүрүү жана өзгөртүү.*
- *Росатом техникалык академиясы – Ядролук жана кесиптик билим берүүнүн эл аралык борбору",*
- *Курстун жүрүшүндө Электросталь жана Подольскийге экскурсиялар уюштурулду. Бул экскурсияларда катышуучулар реакторлор үчүн отун элементтерин өндүрүү жана алар үчүн корпустарды жасоо менен таанышты.*







# Физика жана электроника факультети азыркы учурда…

- **ФжЭФ четөлкөлүк уюмдар жана университеттер менен байланыштары...**

- Физика жана электроника факультети ядролук жана радиациялык физика боюнча адистерди даярдоо боюнча МАГАТЭ менен кызматташуда.

- Факультеттин деканы доцент Токтогонов С.А. менен Техникалык кафедраын башчысы доцент Бейшекеева Г. Дж. Кыргыз Республикасында иондоштуруучу нурлануу боюнча калибровкалоочу лабораторияны түзүү долбоорун талкуулоо боюнча комиссиянын ишине катышты.

- 28-жылдын 31-октябрынан 2025-октябрына чейин Кыргызстандарттын базасында Сербия Республикасынын МАГАТЕ техникалык эксперти, ошондой эле жооптуу мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен бир катар жолугушуулар жана жумушчу кеңешмелер болуп өттү









# Физика жана электроника факультети азыркы учурда…

**ФжЭФ өлкөлүк уюмдар жана университеттер менен байланыштары…**

- *РИА Илимий станция менен жемиштүү кызматташтык жүрүп жатат:*
- *Ж. Баласагын атындагы КУУнун физика жана электроника факультетинин студенттери жана кызматкерлери Илимий станциянын лабораторияларына экскурсияга системалуу түрдө барууда;*
- *РИА Илимий станциясынын кызматкерлери геофизика лабораториясынын ишинин алкагында он-лайн лекцияларды өткөрүшөт*










# *Физика жана электроника факультети азыркы учурда…*

- ***ФжЭФ өлкөлүк уюмдар жана университеттер менен байланыштары...***

- ***Кореянын дүйнөлүк кесиптик компетенттүүлүктөрдү Алмашуу Ассоциациясы (КДККАА )-***

- *КДККАА университетке жарым өткөргүчтөр окутуу боюнча 210 000 доллар турган программалык камсыздоо акысыз берилет,*

- *Бул программа боюнча окуп бүткөн жана корей тилин 3 же андан жогору деңгээлде бүтүргөн студенттерге КДККАА тарабынан чет элдик же Кореяга жумуш орундары же чет элдик университеттерге которуу түрүндө колдоо көрсөтүлөт;*

- *Жусуп Баласагын ат. КУУ айтылган программалык камсыздоону иштетиш үчүн виртуалдык лаборатория ачыш керек жана бул программадагы материалдарды учурдагы предметтерге кошушу керек.*







# *Физика жана электроника факультети азыркы учурда…*

***ФжЭФ өлкөлүк уюмдар жана университеттер менен байланыштары…***

- *Технологический университет г. Нинбо, Китай”,*
- *Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Физика жана электроника факультетинин  жана Кытайдын Нинбо технологиялык университети ортосунда илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук өкмөттөр аралык Кытай-кыргыз программасынын алкагында «Кийинки муундагы дисплейлер үчүн поляризацияланган жарык нурдануучу галогендик перовскиттердин @ полимердик ийкемдүү пленкаларынын өсүүсүн максаттуу көзөмөлдөнүшү» темасындагы илимий изилдөөлөр пландашууда.*
- *Индекстери жогору болгон илимий журналдарда биргелешкен макалалар даярдалып жатат..*







# *Физика жана электроника факультети азыркы учурда…*

- ***ФжЭФ байланыштары студентеринин мобилдүүлүгү...***
- *ФжЭФ студенттерге жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн университеттеринде академиялык мобилдүүлүктүн ар кандай варианттарын сунуштайт.*
- *ТФ(б)-1-21 тайпасынын студенттери Алмазбекова А. жана Тынаева М. Кореянын Чондук улуттук университетинде семестрдик мобилдүүлүк боюнча ийгиликтүү окуп келишти.*










# Физика жана электроника факультети азыркы учурда…

- **ФжЭФ байланыштары студентеринин мобилдүүлүгу...**
- ФжЭФ студенттерге жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн университеттеринде академиялык мобилдүүлүктүн ар кандай варианттарын сунуштайт
- Н.Гумилёвдун атындагы Евроазиялык университетте академиялык мобилдүүлүк боюнча эки студент (Кемелова Б. жана Чынарбек кызы У) окуп жатышат…
- 











# Физика жана электроника факультети азыркы учурда…

- **ФжЭФ байланыштары студентеринин мобилдүүлүгү...**
- ФжЭФ студенттерге жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн университеттеринде академиялык мобилдүүлүктүн ар кандай варианттарын сунуштайт.
- - Электроника жана наноэлектроника багытынын магистрантты Баатырбек кызы Айдай. 2024-жылдын январь айында Австриянын Вена шаарында өткөн Регионалдык Долбоорунун Регионалдык Координациялык Кеңешмесинде медициналык физик катары катышкан.
- Азыркы учурда Баатырбек кызы Айдай МАГАТЕнин проектиси боюнча Италияда магистратурада окусуун улантып жатат...



- ***Байланыш контактар***
- ***Тел:  0312 34 02 36,***
- ***0777 777 072,***
- ***0555 49 19 19***
- ***fakelsamat@mail.ru***
- ***0776 30 10 83***

# Физика жана электроника факультетине кош келиңиздер!!!

